

# Милиция менен калктын отчеттук жолугушуусу

## Милиция менен калктын отчеттук жолугушуусун уюштуруу боюнча кыскача нускама

# Милиция менен калктын отчеттук жолугушуусу

## Милиция менен калктын отчеттук жолугушуусун уюштуруу боюнча кыскача нускама

Колуңуздагы бул басылма Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин усулдук колдоосу менен жарык көрүүдө.

Милициянын калк менен отчеттук жолугушуусун уюштуруу боюнча кыскача нускама Абдукаримов Равшан Торожановичтин редакциясы астында “Фергана өрөөнүндөгү жамааттардын коопсуздугу жана чыр-чатактардын алдын алуу” долбоорунун алкагында иштелип чыкты.

“Фергана өрөөнүндөгү жамааттардын коопсуздугу жана чыр-чатактардын алдын алуу” долбоору Улуу Британиянын Эл аралык өнүгүү министрлигинин департаментинин каржылык колдоосу менен Кыргыз Республикасы жана Тажикистанда жүзөгө ашырылууда.
Бул документтин мазмунуна “Эл аралык толеранттуулук үчүн” фонду менен Saferworld уюму гана жооптуу болуп, Улуу Британиянын Эл аралык өнүгүү министрлигинин Департаментинин расмий көз-карашын чагылдырбайт.

Төмөнкү документ Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилигинин баңгизат каражаттарын эл аралык жүгүртүүгө каршы күрөшүү жана укук коргоо иш аракеттери боюнча Кеңсесинин каржы көмөгү астында басылып чыгарылды. Булдокументтин мазмунуна “Эл аралык толеранттуулук үчүн” фонду менен Saferworld уюму гана жооптуу болуп, АКШ Элчилигинин баңгизат каражаттарын эл аралык жүгүртүүгө каршы күрөшүү жана укук коргоо иш аракеттери боюнча Кеңсесинин расмий көз-карашын чагылдырбайт.

**2014-ж.**

Симона Бунаржиева тарабынан сүрөттөр менен жабдууланды



# Мазмуну

**1. Киришүү** **5**

**2. Милиция менен калктын отчеттук жолугушууларынын мыйзам чыгаруу базасы** **7**

**3. Милициянын калк менен жолугушуусуна кандай даярдануу жана өткөрүү керек** **9**

3.1. Жолугушууну өткөрүү планы 12

3.2. Жолугушууларга көбүрөөк адамдын катышуусун кантип камсыз кылууга болот? 13

3.3. Жолугушууну уюштуруу 14

**4. Практикалык кеңештер** **16**





# 1. Киришүү

Бул Эскертме милициянын калк менен отчеттук жолугушууларына арналып, Участкалык милиция инспекторлорунун ишин уюштуруу нускамасына байланыштуу участкалык милиция инспекторлорунун суроолоруна жооп катары иштелип чыккан.

Эскертме участкалык милиция кызматкерлерине арналып, практикалык жактан зор мааниге ээ жана аларга төмөнкү суроолорго жооп алганга жардам берет:

- Калк менен жолугушууну кандай ыкмаларды колдонуп жакшы өткөрүүгө болот?
- Милициянын отчеттук жолугушууларын милиция менен калктын ортосундагы байланышты чыңдап, калктын ишенимине жана колдоосуна ээ кылган майнаптуу механизмге айландыруу үчүн эмне кылуу керек?





# 2. Милиция менен калктын отчеттук жолугушууларынын мыйзам чыгаруу базасы

**Отчеттук жолугушуулар** милиция менен калктын ортосундагы байланышты чыңдап, эки тараптын ортосунда ишеним сезими менен колдоону орнотууга багытталган механизмдердин бири. Мыйзам деңгээлинде ИИОнын калктын алдында отчет берүүсүн жөнгө салган ченем **Кыргыз Республикасынын** “Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” мыйзамынын 18-беренеси. Аталган мыйзам боюнча, жалпы-жонунан укук бузуулардын алдын алуу чараларынын бири – ички иштер органдарынын калк менен жолугушуусунда, кылмыштуулукка жана укук бузууларга каршы күрөшүү жаатында жасалган иштер боюнча мезгилдик отчетторду бериши.

2010-жылы ИИМнин **“Участкалык милиция кызматкерлеринин ишин өркүндөтүү чаралары жөнүндө”** *№169 Буйругунун* кабыл алынуусу менен, УМИнин калк менен болгон отчеттук жолугушуулары тутумдук мүнөзгө

ээ болду. Буйрукка тиркелген Участкалык милиция инспекторлордун ишин уюштуруу боюнча нускамада УМИнун калк менен отчеттук жолугушууларын өткөрүү ченемдери камтылып, УМИге бекитилген участоктордо жергиликтүү калк менен квартал сайын жолугушуп, отчет берип турууга милдеттүү.

2013-жылдын февраль айында **ИИОнын тутумун реформалоо боюнча биринчи кезектеги чаралардын** алкагында, бардык ИИО жетекчилерин мурунку жылда аткарылган иштердин натыйжалары боюнча УМИ менен отчеттук жолугушууларды өткөрүүнү милдеттендирген ИИМнин №28 Тескемеси чыккан. Кылмыштуулуктун алдын алуу жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында милициянын коомчулук менен биргеликте иштөөсүн бекемдөө боюнча калк менен жолугушуулар кадыресе көрүнүшкө айланып баратат. Ушул жерден баса белгилей кетүүчү нерсе, калктын арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолор боюнча, мындай усул коомдун негизги муктаждыгына жооп берет. Демек, кылмыш иштеринин жана укук бузуулардын алдын алуу, ошондой эле социалдык чөйрөнүн коопсуздугун камсыз кылуу иштери милициянын ишинде негизги маселелердин бири болуп калышы абзел.



# 3. Милициянын калк менен жолугушуусуна кандай даярдануу жана өткөрүү керек

Участкалык милиция кызматкерлеринин отчеттук жолугушуулары кылмыш иштеринин алдын алуу максатында коомчулук менен иштешүүнү бекемдөөгө багытталган, ошону менен жарандардын коопсуздукту камсыз кылуу ишмердүүлүгүнө катышуусуна шарт түзүлөт. Жолугушуу өз максатына жетиш үчүн, төмөнкү шарттар талап кылынат:

- **калктын күтүүлөрүнө жооп берүүсү керек, башкача айтканда, ал** жолугушууда катышып отурган жашоочулардын күтүүлөрүн актай алуусу керек. Отчеттук жолугушууларда айрым жашоочулардын же бир коомчулуктун гана көйгөйлөрү эмес, калктын басымдуу көпчүлүгүнүн тынчын алган көйгөйлөр талкууланuусу абзел.
- **байкалаарлык натыйжалардыалып келүү** – эң негизгиси, адамдар жолугушууга жигердүү катышып, жолугушууга катышуунун пайдасын сезиши керек, башкача айтканда, жолугушууда

кабыл алынган чечимдер учурдагы кырдаалды өзгөртүп, коомчулуктун коопсуздугуна кандайдыр бир деңгээлде таасир тийгизиши керек.

- **коомчулуктун турмушунун кандайдыр бир бөлүгү болушу керек** – жолугушуулардын форматы жергиликтүү менталитетке, жүрүм-турум ченемдерине, маданиятка жана үрп-адаттарына туура келүүсү керек. Коомчулуктардагы көйгөйлөрдү чечүүнүн учурдагы салттуу ыкмаларынын бардыгы эске алынууга тийиш (мисалы, аксакалдар сыяктуу формалдуу эмес лидерлер, адатта чогулган же жыйналыштар өткөрүлө турган жерлер). Таасири күчтүү адамдар менен тыгыз байланышта иш алып барып (мисалы, айыл башчы, аксакалдар соту, жаштар комитети ж.б.) алардын аткарган иши тууралуу көбүрөөк маалымат алуу үчүн жогорудагы механизмдин бардыгын колдонуңуз.

**Милициянын калк менен өткөрүлүүчү отчеттук жолугушууларында кимдер катышат?**

- Коомчулуктун бардык катмарларынын өкүлдөрү – бир дагы адам чете калбоо керек (айылдагы/айыл өкмөттөгү/жамааттагы бардык участоктордун жашоочулары).
- Катышуучулар ар тармактардан болсо жакшы, б.а. кыз-келиндерди, жаштарды, ошону менен катар этностук азчылыктардын өкүлдөрүн кошуп/катышуусуна колдоо көрсөтүү керек (башка улуттун өкүлдөрү).



- Айылда жашап, иштеп жана коомчулуктун турмушунда жигердүү катышкан адамдар – мугалимдер, докторлор, социалдык чөйрөнүн жумушчулары (мисалы, имамдар, аксакалдар сотунун төрагасы, жайыт комитети, жергиликтүү БӨУ, айыл башчылар ж.б.).

Төмөнкү схемада жергиликтүү калк менен жолугушуу өткөрүүнүн негизги этаптары чагылдырылган (мерчим):



## 3.1. Жолугушууну өткөрүү планы

**Жолугушуунун маселелери:**

- Жолугушуу милициянын[1] белгилүү бир участогу үчүн макулдашылган пландын алкагында өткөрүлүүсү керек.
- Жолугушуунун башында ИИОнын кызматкери ошол чөлкөмдөгү (өзүнө бекитилген) укук бузуулар жана жалпы коопсуздук абалы тууралуу кыскача маалымат берүүсү абзел.
- Мындан тышкары, милициянын **иш-аракеттери** жана жергиликтүү милициянын кылмыштуулуктун алдын алуу планында көрсөтүлгөн маселелерди, ошондой эле жергиликтүү жашоочулардын мурунку отчеттук жолугушуунун протоколунда көтөргөн көйгөйлөрүн кароо **натыйжалары** тууралуу **толук маалымат** берүүгө тийиш.
- Жолугушууда катышкан жана коомчулуктардын коопсуздугун камсыз кылууга көмөктөшкөн **ведомстволор/өнөктөштөр** да аткарган иш-чаралары жөнүндө маалымат берип кетүүсү керек (мисалы, ЖӨБО, Коопсуздук боюнча жумушчу топтор, КАББдун өкүлдөрү, социалдык кызматкерлер жана билим берүү кызматкерлери).

1 Милициянын планы – белгилүү бир участоктогу эң негизги көйгөйлөрдү белгилеп, өз кезеги менен райондук деңгээлдеги милициянын планына киргизиле турган документ.



- Коомчулуктардын өкүлдөрү (б.а. жашоочулар) жолугушуунун жүрүшүндө жаап-жашырбай оозеки жана жазуу жүзүндө **суроо бере алууга мүмкүнчүлүк түзүү керек**.
- Эң негизгиси, протокол жүргүзүлүп, анда бардык суроолор, жооптор жана пландаштырылган иш-аракеттер жазылып, аларды кийинки жолугушууларда шилтеме катары таянууга болот.

## 3.2. Жолугушууларга көбүрөөк адамдын катышуусун кандайча камсыз кылууга болот?

- **Кийинки жолугушуу боло турган күндү пландаштыруу**, мисалы, ар бир айдын биринчи дүйшөмбүсү же жергиликтүү калктын күнүмдүк турмушуна тоскоол болбогон аптанын ичиндеги башка күн). Ошондой эле жолугушуу майрам күндөрүнө туш келип калбоо керек.
- Жергиликтүү гезиттерге, маалымат такталарында (мисалы, медициналык борборлордун, дүкөндөрдүн, милиция бөлүмдөрүнүн маалымат такталарында) **жарыяларды** жайгаштыруу. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, жолугушуунун катышуучуларына чакыруу баракчаларын даярдап, мектеп администрациялары, жигерчилер, ЖӨБО ж.б. тараптар аркылуу таратуу.

- Жолугушуу өткөрүлчү **жер** көпчүлүк катыша ала тургандай ыңгайлуу жана оңой табыла турган жерде жайгашуусу керек. Башкача айтканда, ал мектептин иш-чаралар залы, маданият үйүнүн имараты жана ошол коомчулуктагы башка имараттар болушу мүмкүн.

## 3.3. Жолугушууну уюштуруу

- Жолугушууну уюштура турган **комитетти/жумушчу топту** түзүү, жолугушууну алып бара турган **төраганы/жетекчини** шайлоо. Жолугушуу өтүлө турган жерге жараша, ал ошол коомчулуктун формалдуу же формалдуу эмес лидери болушу мүмкүн.
  Жолугушууну ИИОнын кызматкери бир өзү гана эмес, бир нече адамдар менен биргеликте да **алып барса** болот. Ал жергиликтүү калктын алдында отчет берип, суроолорго жооп берип, калктын суранычы боюнча аткарылган иштер жөнүндө маалымат берет.
- Жолугушуунун күн тартибин, доклад окуй турган адамдардын тизмесин, жолугушуунун качан жана кайда боло тургандыгын ж.б. тактап, даярдап, анны кошумча маалымат менен толуктай турган актив (айыл башчы, КАББдун, ЖӨБОнын төрагасы ж.б.) менен талкууланат.
- Бардык формалдуу жана формалдуу эмес лидерлерге (ошондой эле КАББ жана жамааттардын коопсуздугу боюнча жумушчу топторго) жолугушуу жана ал өтүлө турган жер жөнүндө алдын ала кабар берип, зарылчылыкка жараша, жолугушууларды уюштурууда жана өткөрүүдө алардын жардамына таянса болот (айрыкча, элди мобилизациялоодо).

# 4. Практикалык кеңештер




- Эгер жергиликтүү менталитет боюнча кыз-келиндер же жаштар жолугушууларга катыша албаса же катышууга тыюу салынса, мүмкүнчүлүккө жараша, коомдун мындай категориялары менен өз-өзүнчө жолугушууларды уюштуруу керек.
- Жолугушууда чечүүгө мүмкүн болбой турган маселелерди/көйгөйлөрдү жазып алып, кийинки жолугушууга чейин аларды чечип же чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун аныктап алууга болот.
- Ар бир жамаатта (айылда) жолугушууларды уюштуруп, өткөрүүгө жардам берип, ошондой эле жергиликтүү жашоочулардын жолугушууга келүүсүн камсыз кылган бир нече адамдан турган колдоо топторун (ыктыярчылар) түзүп алыңыз.



- Эгер сизге дайындалган аймакта бир нече айыл жайгашкан болсо, жергиликтүү калк менен жолугушууларды ар бир айылда өзүнчө өткөргөн оң. Биринчиден, аларга жакын, экинчиден, өз айылынын көйгөйлөрү чечилип жаткандыктан жергиликтүү жашоочулар кыйла жигердүү катышышат; үчүнчүдөн, жолугушууларда көбүрөөк сандагы адамдар катыша алышат.
- Жолугушуунун күн тартибиндеги тигил же бул маселеге жоопту адамдар көрсөтүлгөн жолугушуунун программасын иштеп чыгып, бул жолугушууну милиция үчүн гана эмес, жамаат үчүн да маанилүү кылуу керек.
- Жолугушууларды өткөрүү жыштыгы жана убакыты – отчеттук жолугушууларды өтө көп жолу өткөрүү туура эмес, биринчиден, катышуучулардын кызыгуусу солгундап, экинчиден, мурунку жолугушууларда жергиликтүү жашоочулар көтөргөн көйгөйлөрдү чечүүгө убакыт жетпей калышы мүмкүн. Мындан тышкары, жергиликтүү жашоочулардын талаа иштери кызуу жүрүп жаткан мезгилде жана жума-намаздарда келе албай тургандыгын да эске алуу керек. Демек, жолугушууларды жашоочуларга ыңгайлуу болгон жерлерде (мектептер, мечиттер, талаалар ж.б.) өткөрүүнүн ар кандай варианттарын караштыруу керек.

Saferworld (Сейферуорлд) – бул, өкмөттөр менен, жарандык коомчулук жана эл-аралык уюмдар менен биргеликте коопсуз жашоо шарттарын түзүү жана зордук-зомбулук чыр-чатактарды алдын алуу тармагында иш жүргүзгөн көз карандысыз эл-аралык уюм.

“Эл – аралык толеранттулук үчүн” коомдук фонду – Борбордук Азияда чыр-чатактарды жоюу жана тынчтык куруу максатында иш жүргүзгөн, Кыргыз Республикасынын көз карандысыз бей өкмөт уюму.

Кыргыз Республикасындагы Saferworld (Сейферуорлд) уюмунун Өкүлчүлүгү
Кыргыз Республикасы, Ош ш., 723510
Султан Ибраимов көч.28/87 ү.

Тел/Факс: + 996 (3222) 5 01 74
Email: general@saferworld.org.uk
Web: www.saferworld.org.uk

Registered charity no. 1043843
A company limited by guarantee no. 3015948